# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ШАРТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ МЕНЕН АДАБИЙ СЫНЫН ДИАЛЕКТИКАСЫ

**САРИЕВА К.**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы*

Кыргыз адабиятынын, адабий сынынын да генезисинин өбөлгөлөрү фольклордо, акындар чыгармачылыгында жаткан менен профессионалдык деңгээлде жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшү кыргыз маданиятынын ренессансы болуп калды деп мүнөздөлүп жүргөн жетимиштен ашуун жыл ичиндеги советтик идеологиянын ырааттуу, баскыч-баскычы менен жүргүзгөн иш-чараларынын: билим-берүчү агартуучулук ишинин; гезит-журналдарды чыгарып, басма сөз трибуналарын түзүп берүнүн; түрдү программалык багыттамаларынын, чен-өлчөмдөрүн аныктаган “партиялык камкордуктун” төтөлөөсүнүн натыйжасында жүзөгө ашкан жана ага жалпы коомчулуктун назарын буруп, адабий процесстин дареметин аныктоодо дайыма приоритет берип турган. Эгемендүлүктүн алдындагы кайра куруунун алгачкы кадамдарында сын өнөр тармагынын чегинде эмес, бүткүл социалдык процессти өзгөртүчү, жаңыртуучу чен өлчөм, курал иретинде өзүнүн функциясын көрсөтө алды.

Сынчылар демократизация процессин “кайра куруу” дешип, көркөм маданиятта жетишкен асыл-нарктарды дымып калуунун кубулуштары иретинде чийип таштоого, күнү бүткөн стереотип катары сүрүп таштоого аракеттенген аша чабууларга чейин барышты. “Кой дээр кожосу жок” кырдаалда классикалык реалисттик өнөргө ат коюудан кайра тартпоо опурталы да жүзүн көрсөттү. Башканы айтпаганда да Ч.Айтматовдун чыгармаларынын баа жеткис наркы-кунун танууга аракеттер болгонунун өзү эле буга мисал.

“Эгемендүлүк жылдарында адабиятта өзгөчө көрүнүктү эч нерсе жаралган жок. Жашоо турмуштагы кыйынчылык, рухий дүйнөдөгү күңүрттүк, жаркын идеалдардын жоктугу жакшы адабиятты жаратпайт”,- деген коомдук пикирлер соңку мезгилде жашап жаткан менен түпкүрдө адам тагдырынын кубулуштары көрүнгөн адабият бар. Көркөм процесстин өнүгүшү социалдык-экономикалык шартка көз каранды болгон менен, өзүнүн ички мыйзам- ченемдүлүктөрү менен өнүгүп, коомдук ой-пикирди өзүнө буруп, популярдуулукка ээ болбогон менен дурусу-бурушу иргелбеген бойдон четте жашап жатат.

Ырас, тоталитардык, админстративдик-буйрукчул системанын тутумунан бошоп, өз алдынча күнкорсуз мамлекет болуу мүдөөсү бүткүл элдин көңүлүн, саясий бирдикке, өз иденттүлүгүнө жетишү маселесине бурду. Эгемендүлүктү ээрчий кирген рынок мамилелери ар кимди жаңы шартта жашап кетү, бар болуп туруу көйгөйү менен алектентти. Партия менен өкмөттүн жетеги менен камкордугуна жедеп көнүп бүткөн адабият да, “гуманитардык илим катары жалпы көркөм процесске жана жекече жазуучунун чыгармачылыгына негизделген”[1] адабият таануу, сын да ушундай эле тагдырга туш болду. Алардын чыгармаларын баскан басылмалар жаңы шарттын шамалына туруштук бере албай жабылып жатты. “Сөздүн нукура маанисинде көркөм адабият социалдык феномен катарында качан китеп басып чыгаруу өнөрү колго алынганда гана толук кандуу жашоо укугуна ээ болот. Китеп түрүндө материалдашкан адабий чыгармалар адабий сындын жашап калуусун, анын коомдук, идеялык-эстетикалык функцияларынын аталышын толук камсыз кылат. Анткени адабий сын адабияттын кыймылын, сандык жана сапаттык жактан айырмачылыктарын белгилөөгө алат, ийгиликтери менен кемчиликтерин аныктайт, анын өзгөчөлүктөрүн тааныйт. Ал эми мунун өзү түпкүлүгүндө адабий процессти аңдоо дегендик эмеспи”[2],деген К.Байжигитовдун пикирин эске алсак, постсоветтик жашоонун алгачкы мезгилинде

[1]К. Асаналиев.Чыёгыз Айтматов: кечээ жана б\г\н.-Бишкек, 1995. -6-б.
[2]Байжигитов К.Башталуу.Монография.-Бишкек, 2007.-108-б.

сындын жок болушу ошол жагдайдын өзү менен жана адабий китептердин басылбай калганы менен шартталды шекилди. адабият таануу гуманитардык илим катсары жалпы көркөм процесске жана жекече жазуучунун чыгармачылыгына негизделгендиктен

Чынында биринчи кезекте, сын тургай сын айтылуучу адабий туундулар өзү жарык көрбөй калды. Бирок, эгемендүлүк жылдарда таптакыр эле эч нерсе чыкпай калды десек аша чапкандык болоор, иштин мурдагы жол жосуну, багыты башкача мүнөзгө өттү. “Адабият ушунтип өсүсүн токтотобу, жаңы шартта жашай албай калабы”, деп санааркап турганда, баштагыдай цензура, электөө жок ээн эркиндик, айкын ачыктык, базар шарты капчыктууларга жол ачып, өз каражаты менен китеп чыгарууга кадамдар ташталды. Мындай капчыкка карап чыккан китептердин бардыгын эле көркөмдүк куну төмөн же тескерисинче бүт эле төгөрөгү төп келишкен деп айтууга болбосо да, коом каражат таап чыга келген мындай китептин жарык көргөнүнө шүгүр деди, сүйүндү. Өзүнчө каражат таап, өзү жол таап чыга келген батылдыгы үчүн эле мындай китептерге сын айтуу орунсуздай көрүндү.

Адегенде, эгемендүлүктүн шартында коомдогу саясий-экономикалык, социалдык-маданий жана коомдук өндүрүштүк мамилелердеги, адамдын жан дүйнөсүндөгү өзгөрүлөр бүткүл асыл-нарктарды, мүдөөлөрдү түп тамырынан бери алмаштырган шартта адабият таасирдү курал иретинде пайдаланылбай, мурдатан калыптанып калган совет мезгилде коммунисттик идеологиянын ийкемдү, таасирдү курал болуп келген функциясынан ажырап абдырай түшкөнү чын. Анткен менен адабият, айрыкча поэзия, демократиянын демин сезип, биринчи күндөрдөн тартып коомдун көлөкөлү жактарында көйгөйлөргө, элдин социалдык-экономикалык оорчулуктардан оор онтоосуна, адеп-ахлактын тозгонуна келишпеген (мисалы, А.Өмүркановдун, Ш.Дүйшеевдин ж.б. көп авторлордун) эмоциясын жашыра алган жок.

Адабияттын өзүн-өзү кайра жаратуу зарылдыгы улуттук башаттарга кайрылууга, тарыхый окуялардан, тарыхый инсандардын өмүр жолу аркылуу улуттук кыртыштагы тамырын табуу үчүн изденү жолуна бет алды. Бул жагдайда бир жагынан кыргыз элинин эс тутумунан чыкпаган, бирок мурда жазылбай келген, жазылса да бурмаланып, же жымсалданып кайпып өткөн үркүн, совет бийлигинин орнотулуш учурундагы басмачылык кыймылдын, андан кийинки сталиндик репрессия курмандыктары, согуштан соңку тымып калуу жылдарындагы социалдык проблемаларга, адам эркинин, укуктарынын басмырланышы өңдү темалар көтөрүлдү. Адабиятка мурда жабык тема болуп келген кылмыш дүйнөсү ачылды. Жаратмандардын бир даары алгылыктуу адабий туундуларды жаратса, бир даары кокту-колоттук деңгээлге түшүп кетип жатышты. Мазмунун адам жашоосу, анын өзүнө, өзүн курчап турган дүйнөгө мамилеси аныктаган адабият, жаңы шартта жашоосун андан ары уланта баштады.

Адабий сын адабияттын ажырагыс бөлүгү жана анын өзүн-өзү аңдап билүсү иретинде биринчи кезекте учурдун, бүгүнкү күндүн адабиятынын ушундай кубулуштарына сезгич, сергек мамилесин туюндуруп турушу керек эле. Бирок, тоталитардык-буйрукчул системанын ишааратты менен аракетке көнгөн сын өз алдынча табиятына шай келген оперативдүлүгүн көрсөтүп, адабияттын жаратмандык энергиясынын ачылышына жардам берү, прогрессивдү тенденциялардын адабий процесстен орун алышына кам көрү, ага бардык дилин таштап, аны менен жашап, күрөш жолунда жүрү вазийпасынын өтөсүнө чыга албады. Эстетиканын принциптерине таянып, обөективдү айтылган сындын үнү угулбады. Мындай инерттүлүк дагы эле сынды жарыялай турган адабий процесске адаптациялашкан мезгилдү басма сөздүн жоктугу менен шартталды. Арада “Адабий Ала-Тоо” “Кыргыз адабияты” басылмалары жарык көрө калып, кур жалак сындын куржунунун оозун ачып, сынга суусап калган элдин чаңкоосун кандыра баштады эле, ал башталыш да узакка созулбай, каражатсыз жабылып калды. Мезилдү басма сөз совет мезгилдегиден алда канча көп болгон менен дээрлик баары белгилү бир саясий-экономикалык максаттарды көздөп, адабий процесстин оош-кыйышын таназарына илбеди.

Бул арада реалдуу жашоодо мурдагы жабык эшиктер ичке карай да, ичтен сыртка карай да ачылып, маалымат алмашуунун жаңы технологиялары турмушка ыкчамдык менен кирди. Байыркы Египетте архитектура, антикалык доордо скульптура, Ренессанс доорунда сүрөт, живопись, XVII кылымдагы Жаңы Мезгилде театр, XVIII кылымда музыка, XIX кылымда адабият өнүккөн болсо, XX кылымда  киноискусствонун жана телевидениенин доорону өкүм сүрдү. XX кылым менен XX1 кылымдардын тогошуусунда телевидениеге маалымат каражаттарынын жаңы технологиялары, интернет кошулуп, маалыматташкан коомдун негизи түзүлдү. Жаштар адабияттан обочодо калып, жаңычыл жан дүйнөсүнө рухий азыкты  улуттук адабияттан эмес маалымат мейкиндигинен өздөрүнүн идеалдарын издөөдө өткөнгө эмес, түз эле интернет байланыштарына кол созушту. Кыскасы, постсоветтик мезгилдеги адабияттын багыты окурман журтунун (алардын негизги бөлүгүн түзгөн жаштардын) умтулуусу менен дал келбей, деңгээли талабын канаттандырбай калгандыктан байланыш үзүлдү.  "Анан азыркы жаштар китеп окубайт", деп күңгүрөнчү болдук.

Ошентип окурмандардын аудиториясы тарыды. Базар шарты адабиятка да базардагыдай мамилелерди, көркөм чыгармаларды баалоонун да базар мамилесине ылайык формаларын жаратты. Кимдин капчыгы калың болсо, каалагандай чыгарма жазып жарыялоо мүмкүндүгү пайда болду. Сынга да базар шартындагыдай  мамиле иштелип чыкты.

Китеп авторлору ансыз да чакан аудиторияга обьективдү, ачуу чындыкты айткан сынчылар аркылуу жетүнү күтүп отурбай, пикирдеш, санаалаштарды чогултуп китептин бет ачаарын өткөрүп, өз окурмандарын табуунун оптималдуу жолун тандады. Бул жерде сындын "баш сөз", же "алгы сөз" формасы  алгылыктуу болуп, китеп дароо эле окурмандарына ойлонуп түшүнү түйшүгүнө салбаган даяр, оң багыт берген багыттамалар менен кошо жетип отурат. Атайын өткөрүлгөн китептин бет ачарында негизинен автордун күйөрмандары, тааныш билиштери, жок эле дегенде авторго, анын чыгармачылыгына симпатия менен караган илимпоздор, сынчылар пикир айтып, өзүнүн чыгарма боюнча позициясы аныктала элек (балким, дээринде эле өздүк ой-пикирин аныктоого чабал) окурманга баалоонун даяр формуласын берет. Бет ачарга автордун же уюштуруучулардын атайын чакырыгы менен барган бөтөн бирөө жалпы маанайды бузуп, принципиалдуу, обьективдү сын айтууга деле батынбайт.

Негизинен соңку мезгилде адабиятты пропагандалоону, окурманга жеткирүнү көздөгөн мындай  бет ачарларда бир жактуу, мактоо, сылап сыйпоо пикирлер айтылат. Бирин серин эле интеллектуалдар окуган чыгармалары жөнүндө обьективдү ой айтса, аны жарыялоочу адабиятка адаптацияланган басма сөз жок. Ошондой болсо да жаңы китепке карата жазылган үзүл-кезил жарыялаган рецензиялар (бир жактуу болсо да) жаңы шартта жашоого ыңгайлаша алган бирден-бир жанр болууда.

Ошентип, сындын коммерциялашкан шартка ыңгайлашкан жанрлары гана жашоого жол таап чыгууда. Алардын дагы бири, кеңири тараган формасы юбилейлик мааракелерге карата макалалар, чыгармачылык портреттер. Албетте аты эле айтып тургандай мындай учурда айтылуучу сөздүн пафосу жогору болоору бышык.

Ушундай тенденциялар өкүм сүрүп турган шартта профессионал сынчылар, тактап айтканда, адабият таануучулар журту кол куушуруп отуруп калышкан жок. Сындын жетимиш жылдагы (чыныгы профессионал адабияттын өнүгүшүн жыйырманчы жылдардын орто ченинен[3] башталды десек, 90-жылдардагы эгемендүлүккө чейинки мезгил) калыптанган жолу  чейрек кылымга жакын убакыттан бери кайра жаралуу машакатынын үстүндө келет. Бул мыйзам ченемдү эле көрүнүш, табигый темп десек болот.

Совет мезгилинде жетекте жүрүп өсүп жетилген сындын кайра жаралышы постсоветтик маданиятты, адабиятты өзү менен өзүн калтыруунун, этибар алынбоонун

[3]Караёыз:Байжигитов К.Башталуу.Монография.-Бишкек, 2007.-121-б

шартында эркиндикти туюунун хаотикалуу жүрүшү менен иретке түшө баштады. Бул шартта профессионал сынчылар, тактап айтканда, адабият таануучулар журту кол куушуруп отуруп калышкан жок. Совет мезгилинде жетекте жүрүп өсүп жетилген сындын кайра жаралышы постсоветтик маданиятты, адабиятты өзү менен өзүн калтыруунун, этибар алынбоонун шартында эркиндикти туюунун хаотикалуу жүрүшү менен иретке түшө баштады. Кайра жаралуу жолунда сын адабияттын мурда жергиликтү интеллигенция канчалык боор толгоосо да тоталитардык, борборчул идеологиянын ишааратынан жокко санап салган, талаш-тартыштуу ич күптү кылып келаткан (клерикалык, реакциячыл жардык тагылган замана агымынын; репрессияга туш болгон К.Тыныстанов, С.Карачев сыяктуулардын чыгармачылыгын;[4]) жабык беттерин ачып, иргеп-тескеп чыгуу керек эле ал жүргүзүлдү. Ошону менен боор этине жакын улуттук адабияттын туундуларын кандай көз менен карап, кантип мамиле кылуунун методолгиясы, баалоонун критерийлери жаңыртылып, багытын өзгөртүп алууга жетишти. Андан кийинки кадам совет мезгилиндеги идеологиянын алкагынан каралган чыгармачылыктын туундуларын кайра баалоо, жаңы шарттын алкагынан карап чыгуу иштери колго алынганы болду. Булар оңой иш эмес. Буга биз таап кароого үлгүргөн адабияттарда эле (Л./күбаева, И.Жумабаев, С. Тиллебаев. М.Жумаев, ж.б) салым кошуптур. Ушундай опол тоону оодарышкан башка адабиятчы авторлордун баарын атап кете албаганым үчүн (түздөн-түз ушул проблема менен иштебегендиктен баарын карап чыгууга көңүл кеткен менен да, өмүр, убакыт жетпей жатканы үчүн, агитациялап-пропагандалоонун жоктугунанбы, же ушул багыттагы иштерди системдештирген кыскача обзорду кезиктире албаганыбыз үчүн) кечирим сурайм.

Демек, кайра жаралуу процессин баштан кечирген учурдагы профессионал адабият чакан чөйрөдөгү окурмандарына жетү жолун таап жашап келет. Адабий процесс менен тең-чама болбогон менен куйрук улаш жүргөн сын да бар. Куйрук улаш дегениме сынчылар капа боло коюшпастыр, анткени алар совет мезгилиндеги адабиятты али тестелеп чыгуунун учуна чыгып, учурдун адабиятын серептөөгө али жетише элек. Анын үстүнө жарыяланган эмгектердин көбүнүн көрсөтүлгөн жылы жакынкы болгону менен, 80-90-жылдарда эле жазылып, сандыкта сакталган эмгектер. Сынчылар (алардын дээрлик көбү жогорку окуу жайларда) профессионалдуу эмгектерин чыгарып, өздөрүнүн студенттерине реализациялап келишет. Ошентип, "карышкыр ток, козу да эсен-түгөл" дегендей өсүш жолу бар. Бир гана искусстводо художниктин реалдуулукка мамилеси биринчи планда аны сүрөттөө эмес, ал адамдын дүйнөгө эстетикалык мамилесин өнүктүрү, көркөм дөөлөттөрдүн жаңы дүйнөсүн түзүгө чакырылганын эске алсак, жогорку аталгандардын жалпы маданиятыбызды өнүктүрүгө, адамдын активдү позициясын иштеп чыгууга келгенде натыйжасы төмөн, курулай декоративдүлүк таризде өнүккөнү кейитет.

Ушул жерде маалыматтык-технологиялык каражаттардын адабиятка, адабий сынга таасирин айтпай кетүгө болбос. Каалайбызбы, каалабайбызбы китепке караганда маалыматтык-технологиялык каражаттарды адабиятты таратуунун жолдору катары пайдалануунун мезгили келди окшойт. Балким адабий басылмалардын, электрондук газета, электрондук журналдарды чыгаруу зарылдыр. Албетте түрдү форумдар бар деңизчи?! Бирок, максат багыттуу түрдө адабиятты пропагандалоо, мында профессионалдуу сындын мүмкүндүгүн пайдаланып, коомчулуктун кеңири чөйрөсү менен байланышты түзү абзел. Бул жеке авторлор гана эмес мамлекеттин саясатынын бир бөлүгү катары колго алынуучу иш. Материалдык жактан гана байлар байып, кедейлер андан ары кедейленген ажырым чоңоюп бара жатпастан руханий жактан да шаар калкы, колунан келгендер үчүн гана интернет байланыштары жеткиликтү болуп, көпчүлүк массанын караңгылыгы артта калуучулугу мындан да уланып, руханий бөксөлүк күчөп кетпеш үчүн да бул иш маанилү.

---

[4] /к\баева Л. Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой ж\г\ртүлър.- Б.: БГУ, 2006.- 4-94-бб.Жумабаев И. Алыстап бараткан адабият.-Б.: "Бийиктик", 2012.- 142 б.

## Адабияттар:


1. К. Асаналиев.Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн.-Бишкек, 1995-156-б.
2. Байжигитов К.Башталуу.Монография.-Бишкек, 2007.-388 б.
3. Байжигитов К.Мезгил жана адабий -көркөм кыймыл: Адабий сын макалалар.-Б., 2011.-268 б.
4. Жумаев М.Адабият дүйнөсү.1-бөлүк.(1980-2000-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүш маселелеринен) Окуу куралы.- Б.: “Полиграф -ресурс”, 2006.-124 б.
5. Жумабаев И. Алыстап бараткан адабият.-Б.: “Бийиктик”, 2012.- 142 б.
6. Үкүбаева Л. Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүлөр.- Б.: БГУ, 2006.- 172 б.
7. Үкүбаева Л. Көз караш. публистикалык макалалар жыйнагы.- Б.: 2008.-208-б.